**О.Текеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин ата-энелер чогулушунун №2 протоколу**

24.11.2021

**Күн тартибинде каралуучу маселелер**

**1.1-чейректин жыйынтыгы**

**2.Электрондук күндөлүк**

**3.Зордук-зомбулуктун алдын алуу**

**4.Кылмыштуулукту болтурбоонун жолдору**

Биринчи сөз ОТИ боюнча д.о.б. Канболот к Р га берилди.Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду.Чейрек башында жалпы окуучулардын саны 191,чейрек аягында 188 окуучу.3окуучу кетти.Жалпы отличниктер 22окуучу,ударниктер 37,3 кө окуган окуучулар 77 ошону менен билим сапатыбыз 38%,жетишүү сапатыбыз 98% түздү.

Экинчи сөз мектеп директору Бейшекеева Н.Мга берилди.Ал өз сөзүндө Панфилов району боюнча бүт мектептер электрондук күндөлүккө өтүп жатышат.Биз да өтүшүбүз керек.Себеби мындан ары бүт баары техниканын заманы болгондуктан,бул замандын талабы.Бир жылга бир окуучуга 50сом,көп балалуу үй-бүлөлөр 3 баласына гана төлөйт,калганы бошотулат.Балдарыңардын расписаниесин,үй тапшырмасын,бир күндө канча саат болорун,сабакка катышып жатабы,канча деген баа алып жатат ж.б барын билип турасыздар.Күндөлүк деген приложениени көчүрүп,ар бир окуучуга пароль,логин берилет ошол менен киресиздер.

Үчүнчү жана төртүнчү маселе боюнча ИДН кызматкери Түркбаев Ү.Р сүйлөдү.Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду.Мектеп ичинде зордук-зомбулуктун жана кылмыштуулуктун алдын алуу максатында окуучулар менен биргеликте сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.Ар бир класстын окуучуларына түшүндүрүү иштери болду.Ата-энелер тарабынан да көзөмөл кылсаңар жакшы болмок,кечки саат 21:00дон кийин балдарыңыздарды эшикке чыгарбагыла,рейд жүргүзүлүп жатат.Окуучуларга кечкисин көчөгө,эшикке чыкканга болбойт.Мектептен кийинки убактарда ата-энелер өзүңүздөр жооптуу болосуздар.Көзөмөл кылыңыздар.

ТИ боюнча д.о.б Туйтеева А.Э кошумчалады.Урматту ата-энелер өз балдарыңыздарга көз салып туруңуздар мектептен тарагандан кийин жана каникул учурунда биз жооп бербейбиз.Сураныч кечки 21:00 дон кийин эшикке чыгарбаңыздар.Дайыма көзөмөлдөп мугалимдеринен бат-бат байланышып

туруңуздар,ошондой эле сумкасын,китеп-дептерин,күндөлүгүн текшерип,мектепке келе жатканда сырткы келбетине көз салып жибериңиздер.

Жарыш сөз:!10-класстын ата-энеси Соронбаев Нурбек мен мектептин жанында турам билесиңер.Мен балдардын баарын көзөмөлдөп турам,буларга жоолуканда дайыма өзүм иштеген жер дет.коллониядагы балдар тууралуу айтып турам.

Мектеп директору Бейшекеева Н.М урматтуу ата-энелер кечинде балдарды жакшылап көзөмөлдөп туруңуздар.Ата-энелер чогулушуна өз убагында келип катышып туруңуздар.

Чечим:

1.Зордук-зомбулуктун алдын алуу мындан да күчөтүлсүн. 2.Кылмыштуулукту болтурбоонун алдын алуу иштер ИДН кызматкерине Түркбаев Ү.Р менен ТИ боюнча д.о.б Туйтеева А.Э жүктөлсүн.

3.Окуучуларды тарбиялоодо жана билим берүүдө мугалимдер менен ата-энелер тыгыз байланышта болушсун.

Төрайым: Бейшекеева Н.М

Катчы: Туйтеева А.Э